**2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде экономикалык өсүш арым (УСКнын алдын ала берген маалыматтары боюнча) 3,7 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь-октябрь айлары ичинде – 10,0 пайыз), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 3,9 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

2014-жылдын октябрь айында инфляция жылдык мааниде алганда 8,9 пайызды түзгөн, 2013-жылдын ушул эле мезгилинде ал 4,4 пайыз чегинде катталган эле.

2014-жылдын баш жагынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 16,5 пайызга өсүү менен 57,3484 сомду түзгөн (2013-жылдын январь-октябрь айлары ичинде – 2,3 пайызга өскөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында акча базасы 7,0 пайызга кыскаруу менен 68 026,2 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-октябрь айлары ичинде акча базасы тескерисинче, 8,8 пайызга өскөн эле), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча, башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 21,9 пайызга көбөйгөн шартта, 9,7 пайызга азайган.

Октябрь айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн, өткөн жылдагы ушул көрсөткүчтөргө салыштырганда төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 88,9 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 11,1 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар өтүп жаткан жылдын башынан бери 12,1 пайызга көбөйүү менен 5 963,3 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар 82,3 пайызга көбөйүп, 1 574,2 млн. сомго жеткен (2013-жылдын ушул эле мезгилинде милдеттүү жана үстөк камдар тиешелүүлүгүнө жараша 16,2 жана 26,0 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскарышы негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, 2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде ал акча базасын 7,4 млрд. сомго азайткан, мында акча базасынын 2,2 млрд. сомго көбөйүүсүнө Өкмөттүн операциялары салым кошкон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча базасына Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта операциялары акча базасын 18,6 млрд. сомго азайткан;
- «овернайт» депозиттери – жайгаштырылган каражаттардын көлөмү 97,9 млрд. сомду түзгөн;
- «овернайт» кредиттери – берилген каражаттардын көлөмү 52,3 млрд. сом чегинде катталган;
- кредиттик аукциондор – берилген каражаттардын көлөмү 3,3 млрд. сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу 596,9 млн. сомго жеткен.

Жылдын январь-октябрь айлары ичинде таза чет өлкө активдери 6,8 пайызга (же 6 762,9 млн. сомго) көбөйгөн, бул активдердин өсүшү сомдун наркынын түшүүсүнүн натыйжасында нарктык баа берүүнүн өзгөрүшүнөн улам келип чыккан (+11 066,0млн. сом).

Дүң эл аралык камдар 2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде доллар түрүндө 192,3 млн. АКШ долларына азайып, 2 047,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 11 876,1 млн. сомго азайган. Буга да нарктык баа берүүнүн өзгөрүүсү таасир этип, натыйжада капитал эсеби 6 723,5 млн. сомго азайган, ал эми Өкмөт алдында милдеттенмелер анын депозиттеринин өсүшүнөн улам, 9 296,5 млн. сомго көбөйгөн. Таза ички активдердин өсүшүнө, кайра каржылоо инструменттери боюнча банктарга берилген каражаттарды арттыруудан улам Улуттук банктын коммерциялык банктарга карата таза талаптарынын көлөмүнүн көбөйүүсү, ошондой эле октябрь айында жыл башына салыштырмалуу арылтуу операцияларынын көлөмүн азайтуу салым кошкон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде 84 429,8 млн. сомду түзүү менен 7,2 пайызга азайган (2013-жылдын январь-октябрь айларында 10,0 пайызга көбөйгөн эле), бул банктардан тышкары акчалардын 9,2 пайызга кыскарышы менен шартталган.

2014-жылдын январь-октябрь айларында М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 4,3 пайызга көбөйүп 126 083,2 млн. сомду түзгөн, бул эң башкысы, чет өлкө валютасындагы депозиттер 39,1 пайызга көбөйүп, 41 653,4 млн. сомго жетиши менен шартталган (2013-жылдын январь-октябрь айларында М2Х 16,4 пайызга көбөйгөн).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 44,6 пайыз (01.11.2013 карата – 51,2 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттер үлүшү – 22,4 пайыз (01.11.2013 карата – 23,1 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттер үлүшү – 33,0 пайыз(01.11.2013карата – 25,7 пайыз).

2014-жылдын октябрь айынын акырына карата долларлаштыруу деңгээли жыл башынан тарта 17,5 пайызга көбөйүп, 59,6 пайызды түзгөн.

2014-жылдын октябрь айынын акырына М2Хке кирген депозиттердин долларлашуу деңгээли жыл башынан тартып 8,9 пайыздык пункт көбөйүү менен 59,6 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 41 653,4 млн. сомду түзүү менен 39,1 пайызга өскөн, улуттук валютадагы депозиттер тескерисинче, 2,9 пайызга азайып, 28 218,8 млн. сомго чейинкини түзгөн. Натыйжада 2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде депозиттердин көлөмү 69 872,2 млн. сомду түзүү менен 18,4 пайызга өскөн (2013-жылдын январь-октябрь айларында – 27,3 пайызга өскөн). Банктардан тышкаркы акча көлөмү ушул мезгил аралыгында 56 211,0 млн. сомду түзүү менен 9,2 пайызга кыскарган (2013-жылдын ушул эле мезгилинде банктардан тышкаркы акчалар 7,7 пайызга көбөйгөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[1] 38,2 пайызга өсүп, 79 056,0 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-октябрь айларында – 29,6 пайызга).

Жылдын январь-октябрь айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 3 052,5 млн. сомго көбөйүп (2,9 пайызга), 108 776,3 млн. сомду түзгөн.

Октябрь айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 2 127,2 млн. сомго көбөйүп (14,0 пайызга), 17 306,9 млн. сомго жеткен.

2014-жылдын октябрь айынын акырына карата эсептик чен Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык 9,0 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын сентябрь айына салыштырганда +200 базистик пункт).

Октябрь айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 7, 53 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-ноябрына карата 1,853, М2 мультипликатору – 1,241 (2013-жылдын 1-ноябрына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,635 жана 1,214) чегинде катталган.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,2 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 22,5 пайызды (2013-жылдын январь-октябрь айларында – 31,1 жана 23,7 пайыз) түзгөн.

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

2014-жылдын октябрь айында акча жүгүртүү ылдамдыгы айдын акырына карата 3,2 пайызды түзгөн (М2Х боюнча).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын кассасына 62 452,2 млн. сом түшкөн, ал 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 6 062,8 млн. сомго же 10,7 пайызга көбөйгөн, кассадан берүүлөр 4 830,4 млн. сомго же 7,9 пайызга азайып, 55 984,9 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде коммерциялык банктардын кассасына 824 478,8 млн. сом түшкөн, ал өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 180 706,0 млн. сомго же 28,1 пайызга көбөйгөн, кассадан берүүлөр да 167 308,8 млн. сомго же 25,5 пайызга көбөйүү менен 822 736,9 млн. сом чегинде катталган.

2014-жылдын январь-октябрь айлары ичинде төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,42, ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,39 түзгөн.

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери